Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институна, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу 10.20.616 диссертациялык кеңештин эксперти, филология илимдеринин доктору, профессор Сабирова Венера Кубатовнанын 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Капарова Чынара Абдылдаевнанын “Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)"** деген темадагы кандидаттык диссертациясына

## КОРУТУНДУ

Эксперт изденүүчү Капарова Чынара Абдылдаевна тарабынан даярдалган "Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)" деген темадагы кандидаттыкдиссертациясынкарапчыгып,төмөнкүдөйчечимгекелди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл** алуу **укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 10.01.10 - журналистика адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү проблемалар орун алган.

Диссертацияда кыргыз тележурналистиканын калыптанышына жана өнүгүшүнө зор салым кошкон КТРКнын телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы тууралуу жалпыланган илимий талдоолор жүргүзүлөт. Алсак, аталган диссертацияда Кыргызстандагы телекөрсөтүүлөрдүн маалыматтык программаларынын өнүгүү тенденциялары талданып, коомдук телеканалдын ишмердүүлүгү эл аралык тажрыйбалар менен, ошондой эле маалымат программалары жергиликтүү телеканалдардын материалдары менен салыштыруу аркылуу анализденди. Телекөрсөтүү аудиторияны кеңири камтуу менен адамдардын аң-сезимине таасир этүүчү күчтүү куралга айланып, коомдук пикирди калыптандыруу маселелери каралып, кеңири талданган.

**2. Иштин максаты катары**

Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларынын эгемендүүлүк жылдардагы өнүгүү тенденциясын, мамлекеттик, улуттук, коомдук макам алуудагы абалын, ийгилик, кемчиликтерин жана маалыматтарды берүү ыкмаларын изилдөөнү негизги максаты коюлган.

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч.АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 169/06
«10» 01 2022 г.

**Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

– телекөрсөтүүнүн теориялык негиздерин аныктаган илимий-изилдөөлөргө сереп жасоо;

– маалыматтык программалар түшүнүгүнө теориялык жактан мүнөздөмө берүү жана Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларынын типологиялык жана структуралык өзгөрүүлөрүн талдоо;

– "Ала-Тоо 24" телеканалынын маалыматтык берүүлөрүнүн мисалында маалыматтардын жанрдык жана типологиялык өзгөчөлүктөрүн анализдөө;

– коомдук телекөрсөтүүнүн эгемендүүлүктөн кийинки өсүү эволюциясын жана өзгөчөлүктөрүн белгилөө;

– кыргыз телекөрсөтүүсү боюнча мамлекеттик мыйзамдарды, алардын аткарылышындагы тенденцияларды, маалыматтык берүүлөргө таасирлерин жана эл аралык стандарттарды өздөштүрүү абалын талдоо;

- санариптик шартындагы маалыматтык берүүлөрдүн ыкмаларын анализдөө жана практикалык сунуштарды берүү.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана ыкмалары ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо;**

Диссертациянын мазмуну коюлган проблемалардын өтөөсүнө чыгууга ылайык келип, ырааттуулугу жана бүтүндүгү (ценность исследования) менен айырмаланат. Диссертант өз максатына жетүүнүн ар түрдүү каражаттарын, ыкмаларын билгичтик менен пайдалана алган. Демократиялык өлкө үчүн маанилүү болгон телеберүүнүн коомдук түрүн натыйжалуу өнүктүрүүгө жана ишенимдүү маалыматтык базаны түзүп берүүгө чоң жардам берет. Мына ушул жагдайлар Эгемендүүлүк алган жылдарынан тарта кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларын комплекстүү изилдөө актуалдуу маселелерден экендигин тастыктап турат. Иштин темасын ачууда изилдөөнүн салыштырма-типологиялык жана салыштырма-тарыхый методдорун колдонулган.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максатына жана милдеттерине ылайык келиши:**

Изилдөө объектиси жана предметине жараша диссертациянын тандалып алынган темасына, анын максаты менен милдеттерине байланыштуу Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларынын ишмердүүлүгүнө, түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө таасир эткен социалдык жана саясий процесстерди чагылдырган материалдар түзөт, диссертациялык

иштин жүрүшү диссертанттын жогоруда белгиленген максат, милдеттери диссертациянын изилдөө объектисине толугу менен шайкеш келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Диссертант алты пункттан турган милдеттердин ар бирине адабият таануунун теориялык-типологиялык жана салыштырма-тарыхый методдорун колдонуу менен илимий анализ жүргүзүп, конкреттүү жыйынтыктарды чыгарууга аракет кылган. Бул айткандарыбызды Чынара Капарованын жарык көргөн илимий макалалары ачык-айкын далилдейт. Демек, диссертанттын изилдөө методдору диссертациянын милдеттерине толугу менен дал келе тургандыгын далилдейт.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Чынара Капарованын диссертациясында далилдүү айтылгандай, эгерде Кыргызстан коомдук каналдын маалыматтарды берүү багытын өнүктүрүү идеясын коргогусу келсе, анда журналисттер жана коомдук ишмерлер, саясатчылар жана эксперттер, жарандар "коомдук телекөрсөтүүнүн модели кандай болушу керек, аны түзүүдө кандай проблемалар бар, кайсы жолду тандайбыз?" деген суроолорго жооп табышы керек. Бул демократиялык өлкө үчүн маанилүү болгон телеберүүнүн коомдук түрүн натыйжалуу өнүктүрүүгө жана ишенимдүү маальшаттык базаны түзүп берүүгө чоң жардам берет. Мына ушул жагдайлар Эгемендүүлүк алган жылдарынан тарта кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларын комплекстүү изилдөө актуалдуу маселелерден экендигин тастыктап турат. Иштин актуалдуу маселелерден экендиги да дал ушуну менен түшүндүрүлөт.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Диссертанттын темага тикелей байланышы бар журналистикасын, анын ичинен тележурналистикасын (КТРКнын мисалында) жалпы кароо идеялардан оолак болуп, өзүнүн изилдөө объектисин гана көңүл чордонуна койгондугун билдирет. Ал изилденчү маселе боюнча өзүнө чейин жарык көргөн эмгектердин дээрлик бардыгын ылайыгы менен колдонот, аларды сынчыл көз караштa карайт, калыс тыянактарды чыгарат. Ошондуктан изилдөөчүнүн илимий адабияттардагы маалыматтарга анализ жүргүзүүсү жогорку даражада жана жетиштүү деңгээлде толук экендигин көрөбүз.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде диссертант тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөөсү актуалдуу жана өз убактысында, бүгүнкү

күндөгү кыргыз тележурналистикасын таануусу үчүн абдан пайдалуу эмгек деп корутундулооого болот.

**3. Илимий натыйжалар**

Иште азыркы кыргыз тележурналистика таануусунун, анын ичинде маалыматтык программмаларды таануу, калыптанышы жана өнүгүү багытындагы олуттуу мааниге ээ болгон төмөндөгүдөй илимий-теориялык натыйжалар алынган:

3.1. Кыргыз телекөрсөтүүсүнүнишмердүүлүгүнө багышталган илимий-теориялык эмгектер абдан аз болгондуктан, аны изилдөө зарылдыгы бар. Бул багыттагы изилдөөлөр Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн ишмердүүлүгүнүн жаңы барактарын ачып берет. Телекөрсөтүүнүн жана андагы маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясын изилдөө кыргыз телекөрсөтүүсүнүн тарыхы менен тыгыз байланыштуу болгондуктан телеканалдын өлкөнүн эгемендүүлүк алган жылдарынан баштап, азыркы күнгө чейинки тарыхына сереп салынды.

3.2. Диссертант Европанын, Американын жана башка мамлекеттердин, анын катарында Кыргызстандын коомдук телерадиоберүүлөрүнүн стандарттары, ишмердүүлүктөрү, кабыл алынган мыйзамдары, укуктук-ченемдик актылары, маалыматтык саясаты талданып, төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

1. Коомдук телекөрсөтүүнүн өнүгүшүнө эки фактор таасир этет: каржылык жана башкаруу. Коомдук макамды толугу менен сактап, багыттуу иштөөсү үчүн телеканалды мамлекеттик каржылоодон ажыратуу маселеси бар. Каржылоонун көрүүчүлөрдүн абоненттик төлөмү аркылуу ишке ашышы — артыкчылыктуу багыт. КТРК чет элдик тажрыйбаларды эске алуу менен киреше табуунун жаңы булактарын иштеп чыгышы керек эле. Байкоочу кеңеш бул маселенин алкагында башкы директорго сунуштарды берүү менен чектелип келе жатат. Жетекчилик тарабынан коомдук каржылоо боюнча кандайдыр бир аракеттер 2010-1014-жылдар аралыгында болгон. Андан бери бул маселе жабык бойдон калууда. Каржы булагы мамлекеттен көз карандысыз болмоюнча Кыргызстанда коомдук телеканал жөнүндө сөз кылуу эрте.

2. Башкаруу фактору. Коомдук канал техникалык жана идеологиялык каражаттарды пайдалануу менен коомго кызмат кылат. Телеканалдардын маалыматтык кызматы саясат менен тагыз байланышта. Саясий коммуникациянын функциясын ишке ашыруу менен коомдук телекөрсөтүү өнүгүүнүн саясий векторун түзөт. Бул коомдун биримдигине багытталып, жалпы улуттук идеологиянын, бара-бара мамлекеттик идеологиянын калыптанышына кызмат кылат. Бирок КТРК, БК жана анын жетекчилиги

коомдук макамга туура келбеген жат окуялардын чордонунда болду. КТРКнын жетекчилиги БКтин мүчөлөрүнүн тандалып, шайланып келишине кызыкдар учурлары коомдук пикирди жаратты. Ыңгайлуу мүчөлөрдү алып келүү ыкмасы жетекчилик, жана аны көзөмөлдөөчү тараптар үчүн маанилүү. Көзөмөлдөөчү тарап БК жана Башкы директор аркылуу саясий буйрутмаларды ишке ашыруунун жолун каалагандай ишке ашырса, башкы директор БК аркылуу мөөнөтүн узартып, каалагандай иштей берет.

3. Акыркы он жыл аралыгында Кыргызстандын телекөрсөтүү тармагы чукул өзгөрүүлөргө дуушар болуп, көрүүчүлөрдүн талабын канааттардыруучу көп каналдуу чөйрө өсүп чыкты. Бул главада телекөрсөтүү жаатындагы өнүгүүнүн жаңы этабы болгон санарип стандарттары талданды. Санарип технологиялары маалыматтык саясат, анын алкагында экономикалык, саясий, технологиялык жана чыгармачылык факторлор менен тыгыз байланышта. КТРК бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен, көрүүчүлөрүнө интерактивдүү телевидение, уюлдук телефон, Интернет чөйрө аркылуу маалыматтарды каалаган убакта, каалаган жеринен ыкчам алууга шарт түздү. КТРК санариптик берүү форматына учурунда жана бардык шарттары менен өтүп, техникалык өнүгүүгө багыт алганды тууралуу илимий тыянак натыйжалары ишенимдүү жана толук.

3.3. Түрдүү тематикадагы программалар даярдалып, сунушталууда. Мындагы негизги талап ар тараптуулукту сактоо. Телекөрсөтүүнүн маалыматтык программаларынын ишмердиги саясат менен тыгыз байланышта болгондуктан талаптар аткарыла бербейт. Ошол эле учурда жанрлар милдеттерине жооп бербейт. Ушуга байланыштуу журналисттерди мезгил-мезгили менен атайын окутууларга, тренингдерге жөнөтүп, жанрлар боюнча иштөөнү жакшыртыш керек:

- адистерин техникалык жана чыгармачылык багытта жаңы, адаттан тышкаркы шарттарда иштөөгө үйрөтүү милдети. Журналисттик материалдарды даярдоодо телевидение технологиялары улам жаңыланып, видео өзгөрүүлөргөалыпкелди. Телеканал мыкты адистерге муктаж. Алар бейтараптуулукпринцибинтутунушукерек;

- резервдик программалардын жоктугунан кайталап көрсөтүүлөр программанын басымдуу бөлүгүн түзөт. Маселени ишти туура пландаштыруу жолу менен чечүүгө болот, мында канал жетекчисинин кесипкөйлүкдеңгээлидааныкталат.

3.4. Чынара Капарованын эмгеги азыркы кездеги тележурналистиканы таануудагы көп колдонулган методдорду жана иликтөө каражаттарын эске алуу менен жазылган. Анын теориялык ой толгоолору жана тыянактары

азыркы кыргыз тележурналистиканы таануусуна кошулган салым болуп эсептелинет.

3.5. Диссертацияда кыргыз тележурналистиканы таануусу үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөнкүдөй белгилер бар:

1. Кыргыз тележурналистика таануусунун бүгүнкү талаптарына ылайык олуттуу маселелер коюлган.

2. Диссертациянын жыйынтыктары жаңы.

3. Илимий иштин жыйынтыктары тележурналистика таануу үчүн маанилүү (жогору).

4. Диссертация азыркы тележурналистика таануунун магистралдуу багыттарына толугу менен төп келет.

5. Илимий иштин жыйынтыктары кыргыз тележурналистика таануусунда кеңири колдонулат.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык иштин негизги жоболорун жана корутундуларын кыргыз тележурналистика таануу жана анын тарыхы боюнча жалпы, атайын курстарды түзүүдө, жалпылоочу жана атайын иштерди, окуу китептерин, маалымдамаларды, тележурналистиканы сынга сереп жүргүзүү жана баалоо сайттарын даярдоодо колдонууга болот. Алынган натыйжалар тележурналистика сындын эволюция тарыхы жана кыргыз филология боюнча илимий, билим берүүчү жана интернет басылмаларында колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле XXI кылымдын башындагы кыргыз тележурналистика таануусунда өз ордун ээлеген өкүлдөрдүн аракеттерин изилдөөгө арналган макала, монография, жамааттык изилдөөлөрдү жазууда колдонулат.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулду.**

1. **Капарова Ч.А.** Кыргыз телевидениесинин маалыматтык программалары // Евразийский национальный университет им. Л.Н.Гумилева, 2015. Сборник материалов X международной конференции студентов и молодых ученых “Наука и образование — 2015”. — 2401-2404-бб.

2. **Капарова Ч.А.** Сүйлөшүү маданияты - ийгилик башаты. Вестник КНУ. -2016. №4 (88). -122-129-бб. https://elibrary.ru/download/elibrary_41508772_76506783.pdf

3. **Капарова Ч.А.** Санарип технологиянын шартында жаш муундарды тарбиялоонун мааниси (КР КТРК мисалында) [Текст] / Ч.А.Капарова // Кыргыз Республикасынын Билим берүү академиясынын кабарлары. - 2018. - №1 (44) - 84-90-бб. https://elibrary.ru/download/elibrary_42361829 58246133.pdf

**4. Капарова Ч.А.** Коомдук телевидениенин стандарттары жөнүндө [Текст] / Ч.А.Капарова // Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2018. - №3 -197-201-бб. https://elibrary.ru/download/elibrary_36434769_26823861.pdf

**5. Капарова Ч.А.** Маалымат таратууда өзгөчөлүктөр жана көйгөйлөр [Текст] / Ч.А.Капарова // Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2018. - №3 - 153-158-бб. https://elibrary.ru/download/elibrary_42371560_59114053.pdf

**6. Капарова Ч.А.** Кыргыз телевидениесинин тарыхына карай [Текст] Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2018. – №6. - 172-175-бб. http://www.science-journal.kg/media/Papers/nntiik /2018/5/206-209.pdf

**7. Капарова Ч.А.** Кыргызстандын маалымат каражаттары: изилдөөнүн теориялык аспектилери. [Текст] / Ч.А.Капарова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2018. - №5. – 206-2010-бб. https://elibrary.ru/download/elibrary_35664966_47185647.pdf

8.**Капарова Ч.А.** Телекөрсөтүүдө алып баруучунун образы [Текст] / Ч.А.Капарова // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына. - 2019. –№3 (99). - 49-53-бб. https://elibrary.ru/download/elibrary_41508772_76506783.pdf

**9. Капарова Ч.А.** Международный стандарт и становление общественного телевидения в Кыргызстане [Текст] / Ч.А.Капарова // Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2021. - № 1 - 266-270-бб.

https://elibrary.ru/download/elibrary_41508771 _88801858.pdf

10. **Капарова Ч.А.,** Костюк Ш.А. Кыргыз телекөрсөтүүсүндөгү маалыматтык жанрлар (КТРКнын "Ала-Тоо 24" телеканалынын мисалында)" [Текст] / Ч.А.Капарова., Ш.А.Костюк // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. №4, 2021. 322-327-бб.

11. **Капарова Ч.А.** Санарип технологиялардын коомдук телевидениенин өнүгүшүнө тийгизген таасири [Текст] / Ч.А.Капарова // Alatoo Academic Studies. -2021. №3 -294-302-бб

12. **Капарова Ч.А.** Влияние цифровых технологий на развитие общественного телевидения (ОТРК КР). ВЕСТНИК Евразийского национального университета имени Л.Н. Гумилева. № 2(135)/2021-2021, 10.32523/2616-7174-2021-135-2-43-48. “Глобальная наука и инновация 2021: Центральная Азия" №2 (13) июнь 2021. Серия "Журналистика". Нур-Султан, Казахстан.

Бул эмгектин материалдары андан алынган натыйжалар улуттук тележурналистика таануучу илимпоздор үчүн теориялык жана практикалык жактан маанилүү болуп саналат. ЖОЖдордо өтүлүүчү кыргыз тележурналистиканын тарыхы, азыркы абалы боюнча сабактарда кеңири пайдаланылат дешке толук негиз бар.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши:**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине шайкеш келет.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр**

Эмгекте олуттуу түрдөгү кемчилик кездешпейт. Бирок, диссертант өз оюн жеткирүүдө стилдик жана пунктуациялык так эместиктерге жол берген. Буларды дагы бир сыйра карап, ондоп койсо, иш өз максатына жетет.

**7. Сунуштар**

Диссертант тележурналистиканын тарыхы жана азыркы абалы айрыкча, тележурналистиканын маалыматтык программаларын таануу багытында ишин улантып, терендетсе деген пикирдебиз. Бул үчүн анын даярдыгы, теориялык билими жетиштүү деңгээлде экендиги көрүнүп турат.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди даярдоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча илимий адистиги бар Ош мамлекеттик университеттинин журналистика, кыргыз тили жана адабияты факультетинин журналистика кафедрасын бекитүүнү сунуш кылат.

**Биринчи расмий оппонент катары** 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча тиешелүү эмгектери бар (История, состав и значение первой радиостанции "Кыргыз радиосу" (1931-2016 гг.), «Кыргыз радиосу" биринчи радиостанциянын тарыхы, тузуму жана мааниси (1931-2016 жж.) - Бишкек, 2018. - 156 бет), филология илимдеринин доктору **Султанова Жыпар Оморовнаны** сунуш кылабыз. **Экинчи расмий оппонент катары** 10.01.10 — журналистика адистиги боюнча эмгектери бар (Ч.Айтматов - публицист. - Москва, 1989. - 130 бет; Ч.Айтматов - публицист. - Бишкек, 2014. - 250 бет; Современная пресс-служба в Кыргызской Республике. - Бишкек, 2014. - 220 б.; Cengiz Aytmatovun 70-80-H yullardaki makalalerinde temel meseleleri // жыйнакта: Bozkirin uyanisi Cengiz Aytmatov. 1 kitap. - Ankara, 2019. - 222-229/) филология илимдеринин кандидаты, доцент **Асанова Алтын Асановнаны** сунуш кылабыз.

**8. Сунуштамалар:**

Дисссертация өзүнчө монография катары жарык көрүшү максатка ылайыктуу.

**9. Корутунду.**

Диссертант жактан телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында) толук жана системалуу түрдө алгач ирет илимий талдоодон өткөрүлгөн. Анын тележурналистиканын тарыхы жана азыркы абалы айрыкча, тележурналистиканын маалыматтык программаларын таануу багытында

жалпылаганы, кыргыз тележурналистикасына зор салым кошкондугу ырасталып, маалыматтык программаларынын бардык жактарын популярдуу мүнөзгө ээ экендигин белгиленгендиги анык. Чынара Капарованын "Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)" деген кандидаттык диссертациялык иши өз алдынча иштелген изилдөө катары мүнөздөөгө болот. Илимий-теориялык деңгээли, пайдубалы бекем, практикалык мааниси жогору эмгек болуп саналат.

**10. Диссертациялык кеңештин экперти сунуш кылган документтерди карап чыгып,** КР УИАсынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д 10.20.616 диссертациялык кеңешине 10.01.10 - журналистика адисиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Капарова Чынара Абдылдаевнанын "Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)"** деген темадагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт, филология илимдеринин доктору, профессор** **В. Сабирова**
**08.12.21**

**Эксперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын:**

**Д.10.20.616 Диссертациялык кеңешинин окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н. Ыйсаева**